**Мамырова Айнура Юсупованын «Адабий көркөм текст менен иштөө процессинде башталгыч класстын окуучуларынын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн өнүктүрүүнүн методикасы» деген темадагы кандидаттык 13.00.02 – окутуу жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган диссертациялык ишине**

## РАСМИЙ ОППОНЕНТТИН ПИКИРИ:

Азыркы ааламдашуу доорунда электрондук массалык-маалымат каражаттарынын, биринчи кезекте интернеттин, дагы башка маалыматтык технологиялардын балага таасир этүүсү активдешип, алардын көркөм адабиятка болгон кызыгуусу басаңдаган шартта, диссертанттын адабий көркөм текст менен иштөө процессинде башталгыч класстарынын окуучуларынын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн өнүктүрүүнүн методикасы боюнча изилдөөсү бардык жагынан баалуу жана маанилүү.

Ошондуктан диссертанттын илимий жаңылыгына жана эмгегиндеги теориялык корутундуларга кошулбай коюуга болбойт. Алар төмөнкүлөр: «адабий көркөм текст», «чыгармачылык компетенттүүлүк» түшүнүктөрүнө теориялык анализ берилгендигинде; башталгыч класста адабий тексттерди талдоо процессинде окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн өркүндөтүүнүн заманбап ыкмалары, жолдору, каражаттары илимдин соңку жетишкендиктерине таянылып кыргыз педагогикасында алгачкы жолу иштелип чыккандыгында; тема боюнча методисттердин, мугалимдердин тажрыйбалары жалпылангагдыгында; адабий тексттерди үйрөнүүдө окуучулардын чыгармачылыгын өнүктүрүүнүн методикасынын эффективдүү деп эсептелген жолдору жана ыкмалары мугалимдерге сунушталгандыгында.

Иштин структурасы логикалуу уюштурулган. Диссертациялык иш киришүүдөн, үч баптан, ар бир бапка жазылган корутундулардан, жалпы корутунду жана сунуштардан, пайдаланылган адабияттардын тизмесинен турат.

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им. И. АРАБАЕВА
№ 85 «4» 03 2024 ж/г

«Адабий көркөм текст менен иштөө процессинде башталгыч класстын окууҷуларынын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн өнүктүрүүнүн теориялык-методологиялык проблемалары жана изилдениш тарыхы» деп аталган биринчи бапта, изилдөөчү тарабынан башталгыч класс окуучуларынын адабий тексттерди талдоо процессинде чыгармачылык компетентүүлүктөрүн өнүктүрүүнүн азыркы учурдагы негизги багыттары сунушталган.
Алар: адабиятты окуучулардын ыймандык-этикалык, маданий-эстетикалык, этномаданий тарбия алышына багыттап окутуу; окуучулардын кеп маданиятын өстүрүүгө маани берүү; эне тилин ар тараптуу жана кеңири үйрөтүү; адабиятты сөз өнөрү, искусство, эстетикалык баалуулук катары талдоо; адабий текстти интерпретациялоодо чыгарманынын поэтикасына, автордун стилине көңүл буруу; тексттеги мазмунду баланын жеке турмушу, жашоосу менен байланыштыруу, баланын чыгармадан “өзүн көрө алышына” жетишүү ж.б. (21-21-бб.).

«Адабий көркөм текст», «чыгармачылык компетенттүүлүк» түшүнүктөрүнө теориялык аспектиден анализ жасалып, талдоо жүргүзүлгөн. Башталгыч класстарда адабий көркөм текст менен иштөө процессинде окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн өнүктүрүүнүн методикасы проблемасын изилдөөнүн тарыхына кенен обзор берип, методологиялык негиздерин, методдорун ачып көрсөткөн. (22-23; 26-28-бб.)

Экинчи бап «Адабий көркөм текст менен иштөө процессинде башталгыч класс окуучуларынын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн өнүктүрүүнүн методикасы боюнча илимий изилдөөнүн материалдары жана методдору» деп аталып, адабий көркөм тексттердин окуу программаларында, окуу китептеринде, хрестоматияларда орун алуу абалын талдоого алып, алардын артыкчылыктарын жана кемчиликтерин аныктап алууга жетишкен. (49-55-бб.).

Ушул эле бапта адабий чыгармаларды окуучуларга үйрөтүү процессинде мугалимдер жетекчиликке алууга тийиш болгон теориялык методдорго кеңири токтолгон. Атап кесек: аңгемелешүү методу, окуучулардын жазуу жумуштарын жүргүзүү жана анализдөө методу ж.б. Бул

методдордун негизинде «Баарынан эмне күлүк?», «Кырк амалдын бири» деген элдик жомоктор, «Байчечекей» уламышы, Ч.Айтматовдун «Ак кеме» повестинен «Жети ата» деген үзүндүсү, Тоголок Молдонун «Телибай тентек» поэмасы (64-б. ); «Туулган жер» (Т.Касымбеков), «Кыргыздын Ала-Тоосу» (Ж.Бөкөнбаев) (64-б.) чыгармаларын өтүүнүн пландарын берүү менен бирге, окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу боюнча бир топ мугалимдердин алдыңкы тажрыйбалары көрсөтүлгөн. (69-б.)

Диссертациянын 70 - бетинде башталгыч класстарда көркөм текстти окутуу процессинде окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүгүн өнүктүрүүнүн компоненттери аныкталып, ушул компененттердин негизинде башталгыч класстарда адабий көркөм тексттерди талдоо процессинде окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүгүн өнүктүрүүнүн үлгүсү (модели) 72 - бетте айкын жана ынанымдуу берилген.

Илимий тема боюнча педагогикалык эксперименттин жүрүшү жана жыйынтыктары да ушул бапта чагылдырылган.Педаогикалык эксперименттин базалары катары Ош шаарындагы №42 Керме-Тоо мектеп-гимназиясы; №18 А.Навои атындагы мектеп-лицейи; Ош шаарындагы «Жетиген» мектеп-лицейи; Ош областынын Кара-Суу районундагы Сыдык Алайчы атындагы мектеп-гимназиясы алынган. Иштин апробацияланышы талаптарга ылайык жүргүзүлгөн. Педагогикалык эксперименттин жүрүшү жана жыйынтыктары таблицаларда чагылдырылып, ынанымдуу жана жыйынтыктуу берилген.

Жыйынтыктоочу 3-бап «Башталгыч класс окуучуларынын адабий көркөм текст менен иштөө процессинде чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн өнүктүрүүнүн методикасы» деп аталып, жомок, ыр түрүндөгү (поэзия формасындагы) чыгармаларды өздөштүрүүдөгү негизги ишмердүүлүктөрдүн түрлөрү, ээ болуучу практикалык көндүмдөр, башталгыч класстын окуучулары билүүгө тийиш болгон маалыматтар, практикада аларды колдоно билүү үчүн жатыгуулар кеңири айтылган.

«Адабий окуу» предметиндеги жомокторду чыгармачылык компетенттүүлүккө негиздеп окутууну уюштуруунун жана өткөрүүнүн оптималдуу ыкмалары жана жолдору» аттуу 1-параграфында Т.Абыкеевдин «Кумурска менен жалкоо» (103-б.), М.Абакировдун «Күкүк-Зейнеп» (107-б.) жомоктору боюнча мекен таануу, математика, адеп сабактары менен интеграцияланган сабактардын үлгүлөрү берилип, жомокторду үйрөнүү процессинде мугалимдер жетекчиликке алууга тийиш болгон визуалдык контент, божомолдоо, үн чыгарып окуу, окуган чыгармага пикир жазуу стратегиясы, салттуу жана интерактивдүү ыкмалар: «мээ чабуулу»; оюн технологиялары; дебат; жомок-сабак; викторина; тест; ромашка гүлү; класстер методу; Венндин диаграммасы ж.б. сунушталган.

Изилдөөнүн корутунду-сунуштары ишенимдүү жасалган, алар коюлган милдеттердин чечилишине баш ийдирилген. Диссертацияда берилген илимий жоболор, жыйынтыктар жана сунуштар бир кыйла жакшы деңгээлде негизделген. Автор мектеп практикасы менен тааныш экендигин жана аларды диссертациясында колдонууга аракет кылгандыгын көрсөтө алган. Автореферат диссертациянын негизги мазмунуна, илимий натыйжаларына жана жыйынтыктарына толугу менен дал келет.

**Илимий эмгек боюнча айрым бир сунуштарды айта кетсек:**

1. Изденүүчү чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн аныктоонун майнаптуу каражаттарынын бири катары жазуу жумуштарын баяндама, дил баян, жомок жазуу иштерин атаган, бирок алардын үлгүлөрү негедир диссертацияда берилген эмес.
2. Иштин 68-бетинде социологиялык жөнөкөй метод катары «Анкетирлөө методу» каралып, мугалимдер менен окуучуларга суроолор берилип, жооптор алынган. Анкекеталар анализденип, жыйынтыгы берилсе дурус болмок.

Бул айтылган сунуштар диссертациянын илимий методикалык аппаратына, түзүлүшүнө, жалпы мазмунуна таасирин тийгизбейт.

Жыйынтыктап айтканда, А.Ю.Мамырованын «Адабий көркөм текст менен иштөө процессинде башталгыч класстын окуучуларынын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн өнүктүрүүнүн методикасы» аттуу диссертациялык иши жана автореферааты Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясы тарабынан кандидаттык диссертациялык иштерге коюлган бардык талаптарга жооп берет, ал эми диссертант А.Ю.Мамырова 13.00.02 – окутуу жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабиты) педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алууга татыктуу.

***Расмий оппонент, Адам университетинин***
***Гуманитардык дисциплиналар***
***департаментинин жетекчиси,***
***педагогика илимдеринин кандидаты*** Абдыкадырова М.Б.

Дата поступления отзыва
в ДС Д 13.23.673
04.03.2024г.
Уч. секр. ДС Омурбаева

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им И. АРАБАЕВА
ОК:
КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ